**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

Д 13.23.662 диссертациялык кеңеши

**Кол жазма укугунда**
УДК:372.879.6 ( 575.2 ) ( 043. 3 )

**Манашева Кенжегүл Пазыловна**

# ДЕНЕ ТАРБИЯ МУГАЛИМДЕРИН ДАЯРДООДО ТОГУЗ КОРГООЛ БОЮНЧА АДИСТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы;
13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден соолукту чыңдоонун жана адаптивдик дене маданиятынын теориясы жана методикасы

Педагогика илимдеринин кандидаты
Окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2024**

Диссертациялык иш Б. Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, психология жана дене тарбиянын тарыхы кафедрасында аткарылды.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | **Токсонбаев Рыскелди Нурманбетович** педагогика илимдеринин доктору, профессор, Б. Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, психология жана дене тарбиянын тарыхы кафедрасынын башчысы |
| **Расмий оппоненттер:** | **Мамытов Абакир Мамытович,** педагогика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз билим берүү академиясынын технология, искусство жана дене тарбиясы лабораториясынын башкы илимий кызматкери<br>**Карагозуева Гулзада Жеңишбековна,** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, КР Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун педагогика, психология жана социалдык гуманитардык билим берүү кафедрасынын доценти |
| **Жетектөөчү мекеме:** | Ош мамлекеттик университетинин педагогика, спорттук жана улуттук оюндар кафедралары (723500, Ош ш., Ленин проспектиси, 331). |

Диссертациялык иш 2024-жылдын 27-декабрында саат 15.00дө И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот (дареги: 720026, Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51). Диссертацияны коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/132-iro-djs-est.

Диссертациялык иш менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети (720026, Бишкек ш., И. Раззаков көчөсү, 51) жана Кыргыз билим берүү академиясынын илимий китепканаларынан (720040, Бишкек ш., Эркиндик проспектиси, 25), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын сайтынан (https://vak.kg/) таанышууга болот.

Автореферат 2024 жылдын 27-ноябрында таркатылды.

**Диссертациялык кенештин окумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Абдыкапарова А. О.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Соңку мезгилдеги адистик жогорку билим берүү коомдогу кайра түзүү-лөрдүн контекстинде өнүгүү жолуна түшүп билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатын көздөөдө. Болочок мугалимдерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоодо алардын инсан катары калыптанышына, улуттук маданияттын баалуулуктарын, нарк-насилдердин жана алар менен байланышкан аң-сезимдерин кеңири колдонууга, өзгөчө кыргыз эли эгемендикке ээ болгон мезгилден баштап, олуттуу көңүл бурула баштады. Бул өңүттө маанилүү роль ойногон бир катар коомдук-социалдык жана илимий-педагогикалык өбөлгөлөрдү да белгилейбиз. Алардын орчундуулары катары 2021-жылдын 24-июлунда Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен бекитилген “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепциядагы улуттук аң-сезимге, баалуулуктарга жана салттуу маданиятка негизделген татыктуу тарбия жана сапаттуу билим берүү аркылуу инсандын өнүгүүсүн камсыз кылуу максатын көздөгөн зарыл чаралардын курамын атайбыз. Тилекке каршы, азыркы жаштар ар кандай себептерге байланыштуу улуттук баалуулуктарга толук кандуу баа беришпейт. Ага байланыштуу жаштарга натыйжалуу таасир этүүчү дене тарбия каражаттарын изилдөө, алардын педагогикалык өңүттө натыйжалууларын негиздөө зарылдыгы келип чыгат.

Илимий-педагогикалык өңүттөн караганда кыргыз элинин улуттук оюндары жана спорту бир катар изилдөөлөрдүн объек-тиси болгон. Соңку чейрек кылымда бир катар кандидаттык диссертациялар корголгон. Алардын басымдуу көпчүлүгүнүн изилдөө объектиси кыргыз күрөшү жана ордо оюну болгон. Кыргыз күрөшү менен байланышкан кандидаттык диссертацияларды Т. О. Асанов (2006), Б. Х. Анаркулов (2006), У. Ж. Калилов (2007) жана Э. М. Тукеев (2022), ал эми ордо оюну боюнча М. Т. Абдуллаев (2023) коргошкон. Улуттук оюндар боюнча корголгон диссертациялардын объектине мүнөздүү бир жагдайды белгилөө зарыл. Ал кыргыз күрөшүнүн жана ордо оюнунун адам баласынын активдүү кыймыл-аракетине негизделгендиги менен байланыштуу, ал эми биздин изилдөөлөрдүн объектисине (тогуз коргоолго) – интеллектуалдык ишмердүүлүктүн басымдуу ролу жана оюн ойноочунун кыймыл-аракетинин чектелүүсү мүнөздүү. Ошол эле учурда, дүйнөлүк алдыңкы дене тарбия тажрыйбасында тийиштүү процесстин негизги каражаты катары кыймыл-аракет активдүүлүгүнө негизделген атаандаштык орун алган спорттун түрлөрү тандалып

алынат. Улуттук маданиятка, салт-санаага, баалуу-луктарга, спорттун түрлөрүнө карата көз караш, өзгөчө Кыргыз Республикасынын эгемендикке ээ болгон мезгилинен баштап кадыресе өзгөрдү. Улуттук спорттун түрлөрүнүн, алардын ката-рында тогуз коргоол оюнунун, педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн жаңы муунду тарбиялоонун каражаты катары изилдөө жана негиздөө зарылдыгы орун алды. Мындай муктаждыктын актуал-дуулугу 2014-жылы Кыргыз Республикасы тарабынан демилгеленген Дүйнөлүк Көчмөндөр оюнунун системдүү өткөрүлүп жатышы менен бышыкталат. Дүйнөлүк масштабдагы оюндардын программасында тогуз коргоолдун киргизилиши бул оюнга карата болгон жаштардын кызыгуусун кадыресе жандантты жана тийиштүү адистерге карата муктаждыктын орун алышы менен коштолду. Мындай абал өзгөчө билим берүү уюмдарындагы дене тарбия процессине мүнөздүү деп белгилөөгө татыктуу. Анткени, тогуз коргоол боюнча спорттук секцияларды жана ийримдерди уюштуруп жетектөө, тийиштүү шарттар жана кызыгуулар орун алган учурда дене тарбия сабактарынын вариативдүү бөлүмүндө (окутуу программасында каралган) тогуз коргоол оюнун окутуу орун алып келет. Ага байланыштуу дене тарбия мугалимдеринин тогуз коргоол оюнун окутуу боюнча адистик компетенттүүлүкке ээ болушу шарт.

Тилекке каршы, дене тарбия багыты боюнча жогорку адистик билим берүүдө тогуз коргоол оюнуна студенттерди адистеш-тирип окутуу жаңыдан түптөлүп келе жатат. Бул өңүттө Б. Т. Турусбеков атындагы дене тарбия жана спорт академиясындагы улуттук оюндар кафедрасын жана улуттук оюндар факультетин ачуу, академияда окуган бардык студенттерге тогуз коргоол оюнун жалпы курс иретинде (80 саат) окутуу, тогуз коргоол боюнча студенттерди кабыл алуу жарыялап, тийиштүү адистик билим берүү программасын (720 саат) ишке ашыруусу орун алган кырдаалды жана келечекти ар тараптуу изилдөөнү талап кылат.

Мына ушундай өзгөрүүлөр болочок дене тарбия муга-лиминен тогуз коргоол оюну боюнча тийиштүү компетенттүү-лүккө ээ болушун, аны калыптандыруунун илимий-теориялык негиздерин аныктоону, дене тарбия мугалимдерин даярдоодогу моделин, педагогикалык шарттарын жана билим берүү каражаты катары адистик компетенттүүлүктү калыптандыруудагы мүмкүн-чүлүктөрүн изилдөө көйгөйлөрүнүн актуалдуу экендигин ырастайт.

Орун алган жагдай бир топ карама-каршылыктардын бар экендигинен кабар берет жана алардын олуттуулары катары төмөнкүлөрдү белгилейбиз:

– Кыргыз Республикасында калктын кыргыз улуттук оюндарына болгон кызыгуусунун жогору экендигине карабастан жаштарды улуттук оюндар боюнча даярдоо маселеси жетишээрлик деңгээлде чечилбей келе жаткандыгы;

– жаштар арасында тарбиялык мааниси боюнча өтө жогору болуп эсептелген тогуз коргоол оюнуна болгон кызыгуунун кеңири экендигине карабастан аталган улуттук оюнга даярдоо боюнча адистердин жетишсиздиги;

– тарбиялык мааниси боюнча шахмат оюнунан кем болбогон тогуз коргоол боюнча адистерди даярдоо зарыл экендигине карабастан бул максатта атайын изилдөөлөрдүн жокко эсе экендиги;

– улуттук оюндар боюнча адистердин жетиштүү экен-дигине карабастан, алардын адистик компетенттүүлүгүн калып-тандырууга багытталган изилдөөлөрдүн жок экендиги ж.б.

Белгиленген карама-каршылыктар улуттук оюндар, алар-дын ичинде тогуз коргоол боюнча дене тарбия мугалимдеринин адистик компетенттүүлүгү кандай болуш керек деген маселени жаратат.

Жогоруда коюлган маселени чечүү аракети диссертациялык иштин темасын “Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери” деп аныктоого түрткү болду.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы Б. Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын 2016-2024-жылдарга карата бекитилген илимий иштердин планында каралган «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери» көйгөйлөрү боюнча аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты:** болочок дене тарбия мугалимдерин улуттук тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык негиздерин, педагогикалык шарттарын, технологиялык мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Кыргыз улуттук оюну тогуз коргоол аркылуу адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык негиздерин аныктоо.

2. Алдыңкы илимий методология жана методдорго таянуу менен болочок мугалимдердин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптантыруунун мазмунун, педагогикалык шарттарын жана моделин иштеп чыгуу.

3. Болочок дене тарбия мугалимдерин тогуз коргоол оюну аркылуу адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча педагогикалык шарттарды жана моделди эксперимент аркылуу текшерүү жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:** кыргыз улуттук оюндарынын таалим-тарбиялык мүм-күнчүлүктөрүн илимий жактан талдоо аркылуу болочок дене тарбия мугалимдерин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компе-тенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык негиздери аныкталды; заманбап илимий методология жана методдорго таянуу менен болочок мугалимдердин тогуз коргоол оюну боюнча адис-тик компетенттүүлүгүн калыптантыруунун мазмуну, педагогика-лык шарттары, тогуз коргоол боюнча компетенттүүлүгүн калыптандыруунун критерийлери, деңгээли, көрсөткүчтөрү жана аларды ишке ашыруу модели иштелип чыкты; болочок дене тарбия мугалимдерин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун натый-жалуулугу педагогикалык эксперимент аркылуу тастыкталды, тогуз коргоол боюнча адистешип окуган студенттердин башка студентерге карата салыштырма мүнөздөмөсү иштелип чыкты, изилдөөдөн алынган натыйжаларды кеңири жайылтуу максатында практикалык сунуштар даярдалды.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси:** изилдөөдө алынган илимий натыйжаларды төмөндөгү багыттар боюнча колдонууга сунушталат: тогуз коргоол оюнунун адистик компетенттүүлүктү калыптандыруу мүмкүнчүлүктөрүн аныктаган илимий-теориялык негиздерди жогорку билимдүү дене тарбия мугалимдерин окутуп-тарбиялоо процессин байытуу максатында; автор тарбынан иштелип чыккан тогуз коргоолду окутуу жана машыгуу методикасын негиздеген атайын курсту, компьютердик интерактивдүү технологияларды, контролдук иштердин жыйнагын, баалоо критерийлерин, педагогикалык шарттарын жана болочок дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол оюнунун моделин жогорку окуу жайларга жайылтуу максатында; педагогикалык эксперименттин жыйынтыктарын жана тогуз коргоол оюнунун педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн жаш-тардын арасында кеңири жайылтуу жана акыл

ишмердүүлүгүнө негизделген башка спорттун түрлөрү менен байланышкан салыштырма изилдөөлөрдү жүргүзүү максатында.

Изилдөөдө алынган натыйжалар Б. Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын улуттук оюндар кафедрасынын иш тажрыйбасына киргизилген жана тийиштүү акты менен бышыкталган.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Болочок дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүктү калыптандыруунун илимий-теориялык негиздери, адистик компетенттүүлүктүн маз-муну, өзгөчөлүктөрү жана тогуз коргоол оюнунун педагогикалык мүмкүнчүлүктөрү.

2. Дене тарбия мугалимдерин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун методологиясы, педагогикалык шарттары жана теориялык модели.

3. Тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүктү калыптандыруу боюнча жүргүзүлгөн педагогикалык экспери-менттин натыйжалары, окутуу процессине сунушталуучу компьютердик интерактивдүү технология, контролдук иштердин жыйнагы жана баалоо критерийлери.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүктү калыптандыруунун илимий-теориялык негиздерин баяндаган илимий булактарды талдоо жана иштеп чыгуу; адистик компетенттүүлүктүн мазмунун жана өзгөчөлүктөрүн аныктоо, болочок мугалимдерди даярдоонун теориялык моделин, педагогикалык шарттарын, окутуу технологияларын жана баалоо критерийлерин негиздөө, тийиштүү адистик-негизги программаны, окутуу курсунун мазмунун жана методикалык каражаттарды иштеп чыгуу; педагогикалык эксперимент жүргүзүү, анын натыйжаларын анализдөө жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу менен байланыштуу.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы жана тастыкталышы.** Диссертациялык иштин натыйжалары Б. Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, психология жана дене тарбиянын тарыхы кафедрасында жана И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин дене тарбия жана спорт кафедрасынын отурумдарында, аталган жогорку окуу жайлар тарабынан уюштурулган илимий-практикалык конференцияларда апробацияланды жана талкууга алынды.

**Диссертациялык изилдөөлөрдүн натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылышы.** Диссертациянын материал-дары жана иштин мазмунуна байланыштуу илимий натыйжалар Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы УАК сунуштаган илимий басылмаларда 11 илимий макала түрүндө жарыяланды. Алардын ичинде 5 макала РИНЦ системасында, 3 макала Эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдарында, 3 макала мезгилдик илимий басмаларда жарык көрдү.

**Диссертациялык иштин түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, изилдөөнүн милдеттеринин чечилишин баяндаган үч баптан, жалпы корутундудан, практикалык сунуштардан жана 154 булакты камтыган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын жалпы көлөмү 144 баракты түзөт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүү** бөлүмүндө изилдөөнүн темасынын актуал-дуулугу, изилдөөнүн максаты, милдеттери, алынган натыйжалар-дын илимий жаңылыгы, практикалык маанилүүлүгү, коргоого коюлуучу негизги жоболор, изилдөөчүнүн жеке салымы, диссертациянын натыйжаларын апробациялоо, басылмаларда жарыя-ланышы, диссертациянын түзүмү жана көлөмү жөнүндө маалымат берилет.

**Биринчи бап “Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүктү калыптандыруунун илимий-теориялык негиздери”** деп аталып, дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүктү калыптандыруунун илимий-теориялык негиздерин камтыган адабий булактар талданды жана аналитикалык маалымат үч параграфка жайгаштырылды.

Болочок дене тарбия мугалимдеринин улуттук оюндар боюнча адистик компетенттүүлүгүнүн илимий-теориялык негиздери мүнөздөлүп (1.1) анын жыйынтыгында тийиштүү компетенттүүлүктү калыптандыруунун беш аспектиси аныкталды.

Диссертациялык изилдөөнүн методологиялык негизин төмөнкү теориялар түзөт: *компетенттүүлүк мамилесинин теориясы* (Зимняя И. А., Хуторской А. В.). Бул теория кесиптик компетенттүүлүктүн маңызын жана түзүмүн аныктайт жана дене тарбия мугалимдеринин кесиптик даярдыгын баалоо жана өнүктүрүүдө негизги каражат болуп саналат; *этнопедагогиканын теориясы* (Г. Н. Волков). Улуттук салттардын жана тогуз коргоол сыяктуу оюндардын тарбиялоодогу

жана окутуудагы маанисин ачып берет. Бул теория кыргыз маданиятынын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн ачып көрсөтүү үчүн өзгөчө мааниге ээ; *ишмердиктик мамиленин теориясы* (Л. С. Выготский, А. Н. Леонтьев) практикалык ишмердүүлүк жана оюн аркылуу кесиптик көндүмдөрдү өнүктүрүүгө басым жасайт. Ишмердиктик мамиле тогуз коргоол оюнунун педагогикалык процесстеги колдонулушун негиздөө үчүн маанилүү; *маданий-тарыхый өнүгүү теориясы* (Л. С. Выготский). Социомаданий чөйрөнүн жана улуттук салттардын окутуудагы маанисин белгилейт. Бул теория тогуз коргоол оюну аркылуу улуттук маданий баалуулуктарды мугалимдердин даярдыгына киргизүүнүн маанисин көрсөтөт; *оюндун теориясы* (Й. Хёйзинга, В. В. Давыдов) оюн технологияларынын кесиптик жана жеке өнүгүүдөгү маанисин ачат тогуз коргоолду педагогикалык инструмент катары пайдаланууну негиздөөгө жардам берет. Бул теориялар тогуз коргоол оюну аркылуу дене тарбия мугалимдеринин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун комплекстүү педагогикалык негизин түзөт. Улуттук оюндарды каражат катары колдонууда бир катар окшоштуктар жана айырмачылыктар орун алаары такталды. Окшоштуктар педагогикалык теорияны, дене тарбиянын теория-лык жана методикалык негиздерин, үйрөтүү методикасын өздөш-түрүүдө, сабак өтүүдө психологиялык, социалдык жана этикалык маселелерди чече билүүдө орун алаары такталды. Айырмачылыктар улуттук спорттун бардык түрлөрүн (расмий 11 түрү таанылат) мектеп дене тарбиясында колдонуу мүмкүн эместигин, тогуз коргоол оюну башкалардан айырмаланып адам-баласынын интел-лектуалдык даярдыгына, акыл-эс ишмердүүлүгүнө жана айлакер-лигине негизделээри иретинде мүнөздөлдү. Ага байланыштуу болочок дене тарбия мугалимдердин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруу өз алдынча изил-дөөгө муктаж көйгөй экендиги белгиленди.

Кыргыз элинин улуттук тогуз коргоол оюну, анын тарбиялык мааниси, тарыхы жана учурдагы абалы анализденди (1.2). Натыйжада тогуз коргоол кыргыз элинин улуттук интеллектуал-дык оюну жана жаратылышы боюнча манкала оюнунун түр-күмүнө таандык экендиги бышыкталды. Манкала оюну дүйнө жүзү боюнча кеңири тарагандыгы, оюнду эки оюнчу ойноору, айрыкча Африкада, Борбордук Азияда, Түштүк-Чыгыш Азияда жана Борбордук Америкада популярдуу экендиги жана үй-бүлөөдө ойнолуучу оюндардын түркүмүнө кирээри аныкталды. Тогуз коргоол оюнунун маңызы стратегиялык мааниге ээ экен-диги чагылдырылды. Оюндун маңызы аскерлерди, байлыктарды

жана душмандардын ээликтерин өзүнө каратып алуу иретинде мүнөздөлүп, ар бир коргоол бир аскерди символдоштуруп тураары, анын тактикалык айлакерлиги аскерий-стратегиялык ой жүгүртүүнү түптөөдө маанилүү роль ойноору белгиленди. Мындай тыянак Х. Анаркуловдун (2003, 2008, 2012), А. Касендин (2004), С. Абдрасуловдун (2014), К. Айдаркуловдун (1986), С. Азизбаевдин (2015), М. Саралаевдин (2018) эмгектерине таянып чыгарылды. Тогуз коргоол оюну мазмуну жана ойноо тартиби боюнча казак элинин тогуз кумалак оюну менен жакындыгы бар экендиги эске алынды жана тогуз кумалактын аскерий-стратегиялык маанисин белгилеген окумуштууларынын эмгектери талданды (К. Абишев, К. Ахметов, 2012; Ж. Азимбаев, 2021; А. Акшороев, 2001). Тогуз коргоол оюнуна кыргыздардын математикалык оюну деген баа берилгени белгиленди (А. К. Макеев, М. К. Мамбетова, 2022). Жогоруда келтирилген маалыматтарга таянып кыргыз эли үчүн тогуз коргоол оюну педаго-гикалык жана философиялык көз караштан алганда маанилүү роль ойногон оюндардын бири деген тыянак негизделди.

Тогуз коргоолдун тарыхый өнүгүшүнө кайрылып аталган оюнду кыргыз эли оюн-зоок мелдештерде, мааракелерде, аш-тойлордо жана салтанаттарда ойнолуп келгени, бирок стихиялык өңүттө өнүккөнү белгиленди. Мелдештерде ар түрдүү көлөмдөгү байге коюлганы, бир үйгө жетпеген (тогуз санына жетпеген) коргоол утсаң, бир кой, бир үйдөн ашык ккоргоол утсаң, бир бодо мал берилгени, албетте, ар бир оюнчу бодо мал уттургусу келбей, жанталашып ойноо аракетинде болгону мисалга келтирилди. Стихиялык өнүгүү тенденциясын оңдоо аракети 1922-жылы алгачкы ирет көрүлдү, кийинчерээк бир нече ирет ойноо эрежесине тактоолор киргизилди.

Эгемендикке ээ болуу кыргыз элинин улуттук маданиятка болгон мамилесин өзгөрттү, улуттук аң-сезимдин жана дүйнө таанымдын жаңы деңгээлге көтөрүлүшү менен коштолду. Жаңылануу улуттук оюндарга карата да орун алды. Тогуз коргоол боюнча республикалык федерация түзүлүп спорттук мелдештерди өткөрүү маселеси жолго коюлду жана окуучу жаштардын арасында кадыресе таанылды. Тогуз коргоолдун дүйнөлүк интел-лектуалдык улуттук оюндардын олимпиадасынын программасына киргени, Европа өлкөлөрүнүн арасында өткөрүлүп келген мелдештерде кыргызстандык оюнчулардын алдыңкы орундарды ээлегени оң тажрыйба иретинде мүнөздөлдү. Улуттук оюнду дүйнөгө жайылтуу аракети көрүлүп, тогуз коргоол ойноо про-граммасы иштелип чыгып интернетке жайгаштырылганы, улут-тук баалуулук катары Кыргызпатенттин күбөлүгү (2009-ж), ЮНЕСКОнун серификаты (2020-

ж) берилгени, соңку мезгилдеги комплекстүү ири спорттук мелдештердин (спартакиада, универсиада, Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюну) программаларына киргизилиши жаштар арасындагы кызыгууну түптөдү.

Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүктү калыптандыруу көйгөйү (1.3) укуктук-ченемдик документтердин талаптарын жана адабий булактардын анализинин жыйынтыктарына негизделип талданды. Аталган көйгөй өз алдынча мааниге ээ болгон, ошол эле учурда жетишээрлик деңгээлде изилдене элек актуалдуу маселе экендиги бышыкталды. Натыйжада, болочок дене тарбия мугалимдерин даярдоо мазмунунда 3 багыттын орун алуу зарылдыгы белгиленди. Биринчиден, бакалавр академиялык квалификациясын ыйгаруу тартибин жана мамлекеттик стандартта көрсөтүлгөн ишмердүүлүктүн түрлөрүн камтуу. Алар педагогикалык, машыктыруучулук, илим изилдөөчүлүк, уюштуруучулук-башкаруучулук жана маданий-агартуучулук ишмердүүлүктөрү. Экинчиден, боло-чок дене тарбия адистерин спорттун бир түрү менен адистеш-тирип билим алышы. Ага байланыштуу, тогуз коргоол оюнуна адистештирилген мазмунду окутуу, жеке спорттук чеберчиликке ээ болуу, спорттук калыстык квалификацияга жана жалпы физикалык даярдыкка ээ болуу дараметтерин калыптандыруу. Үчүнчүдөн, адистик билим берүүнүн натыйжасы катары бүтүрүүчүлөрдүн универсалдык (жалпы илимий, инструменталдык, социалдык-инсандык жана инсандык-маданий) жана адистик компетенцияларын калыптандыруу. Ага байланыштуу төмөндөгү компетенциялардын курамы сунушталды: тогуз коргоолду окутууну пландаштыруу, уюштуруу жана практикада колдонуу; жалпы адамзаттык баалуулуктарга, сергек жашоо образына ээ болуу; мектеп дене тарбиясындагы окутуу-пландоо документ-терин иштеп чыгуу; жалпы физикалык даярдыкка, спорттук чеберчиликке, калыстык квалификацияга ээ болуу; окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу; массалык-физкультуралык жана спорттук иш-чараларды уюштуруу; дене тарбия сабагынын программасы камтыган кыймыл аракеттерди, спорттун түрлөрүн үйрөтүү; окуучулардын кыймыл-аракет ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү.

**Экинчи бап “Дене тарбия мугалимдерин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруу масе-лесин изилдөө методологиясы, материалдары жана методдору”** деп аталып, дене тарбия мугалимдеринин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселесин изилдөө методологиясы,

материалдары жана методдору мүнөздөлдү. Адабий булактардын анализинин негизинде методология түшүнүгүн дене тарбия мугалимдеринин адистик компетенттүүлүгүн калыптандырууда жетекчиликке алууну талап кылган принциптердин жана натыйжалуу маалымат чогултууга мүмкүндүк берген методдордун бирдиктүү түзүмү катары таанылды. Алардын курамын теориялык жоболордун негиздүү болушун камсыз кылуу, аныкталган теориялык жоболорду практикалык иш алып барууда жетекчиликке алуу, изилдөөгө комплекстүү мамиле жасоо, көйгөйгө системдүү көз кароо, жаңы технологияларды жана инновациялык методдорду колдонуу, студенттердин жеке өзгөчөлүктөрүн жана муктаждыктарын эсепке алуу, үзгүлтүксүз баалоо жана коллективдик пикирге таянуу принциптери иретинде аныктадык.

**Изилдөөнүн объектиси:** болочок дене тарбия мугалимдерин даярдоодо процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** болочок дене тарбия мугалим-деринин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий теориялык негиздери жана жолдору.

Изилдөөнүн материалдарын адабий жана илимий булактардын, укуктук-ченемдик документтердин анализине, педагогикалык байкоо жүргүзүүгө, анкеталык сурамжылоого, кесиптик компетенттүүлүктү мүнөздөөчү сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдүн анализине, педагогикалык эксперименттин жыйынтыктарына, жалпылоо методдорунун жыйынтыктарына таянып топтодук (тийиштүү маалымат диссертациянын 2.1 бөлүмүндө берилди).

Тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүктү калыптандырунун педагогикалык шарттарын жана курамын аныктадык (2.2): 1) окутуучу менен окуучунун ортосундагы позитивдүү мамиленин орун алышы; 2) окутуучунун профессионалдык деңгээли жана педагогикалык тажрыйбасы; 3) окутуучунун сабак өтүүнүн заманбап ыкмаларын, технологияларын билүүсү жана окутуу материалдарын сапаттуу даярдашы; 4) окуу процессин уюштуруу жана окутуу процессин пландоо документтерин сапаттуу даярдоо; 5) студенттердин жеке өзгөчөлүктөрүн жана муктаждыктарын аныктоо; 6) сабак өткөрүлүүчү жайдын тынчтыгын жана коопсуздугун камсыз кылуу катары негиздедик.

Болочок дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык модели (2.3) иштелип чыкты (2.1-сүрөт).

Теориялык модель мотивациялык, мазмундук, уюштуруучулук жана технологиялык компоненттен тураары негизделди.

**Мотивациялык** компонент студенттердин тогуз коргоолго карата кызыгуусун жана болочок кесипти сүйүү сапаттарын калыптандыруу миссиясын аткарат.

**Мазмундук** компонент тогуз коргоол оюнунун теориясын жана методикасын өздөштүрүү; педагогикалык ишмердүүлүктүн негиздерин окуп-үйрөнүү, дене тарбия сабагын өтүү даярдыгына, мугалим катары үлгүлүү жүрүм-турумга, тогуз коргоол оюну боюнча жеке спорттук чеберчиликке жана калыстык квали-фикацияга ээ болууну камсыз кылат.

**Уюштуруучулук** компонент дене тарбия процессин башкаруу, тогуз коргоол боюнча сабактын мазмунун пландоо, методикалык материалдарды даярдоо, окуучулардын окуу жетишкен-диктерине байкоо жана баалоо жүргүзүү, ыңгайлуу окутуу чөйрөсүн түзүү, коммуникациялык мамилелерди калыптандыруу менен окуучуларды адистик билим алууга, тогуз коргоолду сүйүп ойноого шыктандырат.

**Технологиялык** компонент тогуз коргоол оюнун окутуу, окуучулардын окууга умтулуу процессин стимулдаштыруу, окуу жетишкендиктерин баалоо боюнча компьютердик, мульти-медиа-лык программаларды колдоно билүү, эффективдүү коммуникация ыкмаларын өздөштүрүү дараметин жакшыртат. Теориялык моделди ийгиликтүү ишке ашыруу диссертацияда белгиленген педагогикалык шарттын сакталышы менен (2.2) камсыз болоору негизделди.

Ал эми күтүлүүчү натыйжалар жалпы универсалдык жана предметтик компетенциялар иретинде мүнөздөлүп, адистик билим берүүдөгү студенттердин жалпы жана профилдик дисцип-линаларды өздөштүрүүдөгү, педагогикалык практиканы өтүүдөгү, квалификациялык ишти жазуудагы, спорттук чеберчиликке, калыстык жөндөмгө, жалпы физикалык даярдыкка жана жүрүм-турумга карата орун алган окуу-даярдык жетишкендиктери менен мүнөздөлдү. Ошону менен бирге тийиштүү теориялык моделдин жана педагогикалык шарттардын тогуз коргоол оюнуна дене тарбия мугалимдерин адистештирип даярдоодо алгачкы ирет иштелип чыкканын, педагогикалык эксперименттин мазмунун аныктоого сунушталганын белгилейбиз.




**2.1-сүрөт. Болочок дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык модели.**

**Үчүнчү бап “Дене тарбия мугалимдерин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүлүгүн калыптандыруу боюнча педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана натыйжалары”** деп аталып, болочок дене тарбия мугалимдерин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча педагогикалык

экспериментти жүрүшүн баяндоого жана анын натыйжаларын анализдөөгө арналды.

Педагогикалык эксперимент лонгитюддук түрдө Б. Т. Турусбеков атындагы дене тарбия жана спорт академиясына 2019-2020-окуу жылында 1-курска кабыл алынган студенттерди тартуу менен алар окуу жайды бүткөнгө чейин тогуз коргоол-чулардын жана ордочулардын окуу жетишкендиктерин салыштыруу иретинде жүргүзүлдү. Предметтик компетенцияларды калыптандырууда “Тогуз коргоолдун теориясы жана методикасы”, универсалдык компетенцияларды калыптандырууда “Дене тарбиянын теориясы жана методикасы” дисциплиналарын окутуу олуттуу роль ойноду. Адистик компетенцияларды калыптандырууда практикалык сабактардын, педагогикалык практиканын, мектеп дене тарбиясында колдонулуучу базалык спорттун түрлөрүн (гимнастика, жеңил атлетика, волейбол, баскетбол, футбол) жалпы курс иретинде окуп-үйрөнүүнүн, тогуз коргоол боюнча жеке спорттук чеберчилигин, физикалык даярдыгын машыгып жогорулатуунун, квалификациялык иш жазуунун салымдары да жогору болду. Күтүлүүчү натыйжалар изилдөөнүн илимий методдору, тийиштүү сынактардын, расмий сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрү менен бааланды.

**Мотивациялык** компонентти калыптандыруу максатында дене тарбия ишмердүүлүгүнө, өзгөчө тогуз коргоол оюнуна карата кызыгууну жана болочок кесипти сүйүүнү түптөгөн сапат-тар калыптандырылды. Кыргыз элинин маданий баалуулуктары, салт-санаасы, улуттук оюндары боюнча тарыхый мааламаттар берилди. Тогуз коргоол оюнунун адам-баласын интеллектуалдык жактан өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү, аскерий-стратегиялык тарбия берүүдөгү ролу мүнөздөлдү. Мотивацияны калыптандырууда жана башкарууда анын максаттык, кыймыл-аракеттик жана операциялык белгилерине көңүл бурулду, тийиштүү педаго-гикалык багыт берилди, студенттердин ички жана сырткы мотивдерин калыптандыруу аракеттери көрүлдү. Тийиштүү билимдер 16 саат көлөмүндө берилди.

**Мазмундук** компонент негизинен тогуз коргоолдун теориясы жана методикасы дисциплинасын окутуу аркылуу ишке ашырылды. Аталган дисциплина 720 саат көлөмүндө төрт жыл окутулду. Окутуу лекция (40 саат), семинардык (40 саат) жана усулдук-тажрыйба сабактар (330 саат) формасында окутуучунун жетекчилиги (410 саат) жана студенттердин өз алдынча иштөө формасында (310 саат) жүргүзүлдү. Ар бир курска карата мазмундук компоненттин өзгөчөлүктөрү диссертациянын 3.1-параграфында кеңири мүнөздөлдү.

**Уюштуруучулук** компонент тогуз коргоол оюнун окутуу процессин башкаруу жолдорун, практикалык сабактын мазмунун пландоо (чейректин жумушчу планы, тогуз коргоол сабагынын конспектиси) документтерин иштеп чыгуу, сабакты сапаттуу өтүүнү камсыз кылуучу методикалык материалдарды даярдоо менен байланышкан компетенцияларды калыптандыруу аракети менен ишке ашырылды. Оюнду өздөштүрүүдөгү окуу жетишкен-диктерге байкоо жана баалоо жүргүзүлдү, кетирилген каталыктар-дын негизги түрлөрү аныкталды, алардын алдын алууга жана жоюу тартибине олуттуу көңүл бурулду.

**Технологиялык** компонент окутуу жана стимулдаштыруу багытындагы заманбап технологияларды колдонуу иш-чаралары менен коштолду. Классикалык окутуу ыкмаларынан сырткары тогуз коргоол оюнун окутууда үйрөтүү, мелдешүү жана баалоо режимдеринде жазылган компьютердик, мульти-медиалык про-граммалар колдонулду. Ыкчам жана кайтарым маалыматтарга ээ болуу, эффективдүү коммуникация уюштуруу максатында электрондук платформалар пайдаланылды. Педагогикалык эксперименте модулдук окутуу, компьютердик окутуу жана кредиттик окутуу технологияларына басым жасалды.

Эксперименттин натыйжалары жалпы универсалдык жана предметтик компетенциялар иретинде бааланды, мамлекеттик аттестациялык сынактардын жыйынтыктарына негизделген дене тарбия багыты боюнча бакалавр академиялык квалификациясын ыйгаруу менен коштолду. Мындай натыйжага жетүү изилдөөнүн методдорунун жардамы менен жыйналган теориялык жана практикалык материалдардын, тогуз коргоол оюну менен адистешип окуган студенттердин окуу жетишкендикеринин дина-микасынын, башка улуттук спорттун түрүн тандап алган студенттерге карата жүргүзүлгөн салыштырма баалоонун жыйынтык-тарын, адистик даярдыктын көрсөткүчтөрдүн анализине жана синтезине негизделген илимий изилдөөнүн жыйынтыктары жана корутундулары менен бышыкталды.

Педагогикалык эксперимент эки этапта жүргүзүлдү.

**Аныктоочу этапта** дене тарбия багытында окуган студенттерге тогуз коргоол дисциплинасын окутуунун кырдаал-дык абалы иликтенди. Ага байланыштуу тогуз коргоол дисцип-линасы боюнча дене тарбия жана спорт академиясында орун алган адистерди даярдоо тажрыйбасы, окуу жайда иштелип чыккан жумушчу программалар, окуу куралдар жана окуу методикалык каражаттар талдоого алынды. Тогуз коргоол дисциплинасын студенттер тарабынан өздөштүрүүнүн

деңгээли аныкталды, студенттердин арасында анкеталык сурамжылоо, окутуу жана машыгуу процесстерин тейлеген окутуучулар менен аңгемелешүү жана педагогикалык байкоолор жүргүзүлдү.

Анкеталык сурамжылоого тогуз коргоол оюнун жалпы курс иретинде окуган Б. Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын жана А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин студенттери (100 студент) жана окутуучулары (10 окутуучу) катышты. Студенттерди анкеталык сурамжылоо тогуз коргоол оюнун ойноого карата жеке кызыгуулардын төмөндүгүн (23%) жана тогуз коргоолчулар жараткан спорттук ийгиликтер (41%) олуттуу роль ойнобогондугун көрсөттү. Ага байланыштуу сту-денттердин тогуз коргоолду окутуу методикасын өздөштүрүүгө, келечекте жаштарды улуттук оюндарды ойнотуп тарбиялоого жана тогуз коргоол боюнча спорттук ийгилик жаратууга карата мотивациясы калыптана электиги тастыкталды. Анкеталык сурам-жылоо окутуу процессине мүнөздүү бир катар кыйынчылыктар орун алаарын, алардын өзгүн студенттердин социалдык-экономикалык абалынын начарлыгы, убакыттын олуттуу бөлүгү күнүмдүк турмушка карата каржы табууга кетээрин көрсөттү. Студенттердин дээрлик көпчүлүгү кошумча билимдерге карата муктаждыктын зарыл эместигин (72%) белгилешти. Ошол эле учурда, жеке окуу жетишкендиктерин орто деп баалагандар басымдуулук кылаары (80%), бирок, маалыматтык-коммуни-кативдик заманбап окутуу программаларынын кеңири колдонбоону терс баалагандар (92%) аныкталды.

Тогуз коргоол дисциплинасы боюнча даярдалган окуу куралдардын жана методикалык каражаттардын анализи алардын жетишсиздигин, мазмундук жактан педагогикалык алдыңкы тажрыйбаларды, заманбап окутуу технологияларын, өзгөчө интерактивдүү, маалыматтык-коммуникативдик жана компьютер-дик окутуу программаларын колдонуу жаатында начар экендиги тастыктады. Тилекке каршы, иштелип чыккан каражаттар сту-денттердин жеке өзгөчөлүктөрүн жана мугалимдик кесиптин ар кырдуу аспектилерин эске албай жазылгандыгын, адистик билим берүүдөгү күтүлүүчү натыйжалар кесиптик компетенттүүлүктүн түрлөрү менен мүнөздөлбөгөнүн көрсөттү. Мындай тыянак 2008-2012-жылдары даярдалган окуу китебинин жана методикалык колдонмолордун анализинин негизинде чыгарылды.

**Калыптандыруучу этап** болочок дене тарбия мугалим-дерин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калып-тандыруу максатын көздөдү жана изденүүчү иштеп чыккан теориялык моделдин

жана педагогикалык шарттардын негизинде даярдалган адистик окутуу программасынын натыйжалуулугун текшерди. Экспериментке катышкан студенттердин окуу жетишкендиктери жалпы универсалдык жана предметтик компетен-циялары иретинде теориялык модель камтыган компоненттердин алкагында бааланды.

**Мотивациялык** компоненттин калыптанышы студенттер-дин билим алууга, тогуз коргоол боюнча спорттук машыгууларга жана болочок кесибине карата мотивациялык көрсөткүчтөрүнүн өсүшү менен коштолду. Анкеталык сурамжылоого таянып тогуз коргоол оюнун ойноого карата болгон жеке кызыгуулардын өскөнүн (23 төн 75 пайызга чейин), тогуз коргоолчулар жараткан спорттук ийгиликтерге карата мамиле (41 ден 62 пайызга чейин) жакшырганын белгилейбиз. Студенттердин тогуз коргоолду окутуу методикасын өздөштүрүүгө карата умтулуусу кадыресе өстү. Мындай натыйжаны эксперименталдык программанын, теориялык моделдин, түзүлгөн педагогикалык шарттардын жана алдыңкы заманбап окутуу технологияларды колдонуунун үзүрү катары кароого негиз болду. Мурда орун алган тажрыйбалардан айырмаланып окутуу процессинде тогуз коргоолдун тарыхы, республикадагы ардактуу жана белгилүү инсандардын өмүр жолу жөнүндө маалыматтардын кеңири берилиши студенттердин улуттук сыймыктануу аң-сезимдерин ойготту жана калыптан-дырды. Студенттердин жарымынан көбү эксперименттин аягында кошумча жана кызыктуу билимдерге ээ болгондуктарын белги-лешти. Жеке окуу жетишкендиктерин жакшы деп баалагандардын саны 20, орто деп баалагандардын саны 70 пайызды түздү. Маалыматтык-коммуникативдик каражаттарын колдонууну оң жана кызыктуу деп баалагандардын көлөмү 70% жетти.

**Мазмундук** компоненттин калыптанышы студенттердин жалпы жана атайын профилдик дисциплиналардагы окуу жетиш-кендиктери жана педагогикалык практиканын алкагында дене тарбия сабагын өтүү методикасын өздөштүрүү, башка прак-тиканттар өткөргөн сабактарга карата адистик билимдерге негиз-делген баа берүү компетенттүүлүгүнө ээ болуу көрсөткүчтөрү менен негизделди. Тийиштүү маалымат практика учурундагы зачеттук сабактарды өтүү методикасына карата берилген методисттин анализине таянып топтолду. Болочок дене тарбия муга-лиминин практикалык сабакты баалоо компетенциясы тамырдын кагышы (пульсометрия), убакыт (хронометраж) жана педаго-гикалык анализ жүргүзүү ыкмаларын колдоно алуу дараметинини калыптанышына таянып бааланды. Андан сырткары болочок дене тарбия мугалиминин жалпы физикалык даярдыгы, спорттук чеберчилик

деңгээли, спорттук калыс болуу жөндөмү жана илимий-изилдөөчүлүк сапаттарынын, мугалим катары жүрүм-турумунун калыптанышын баалоо менен коштолду.

Экспериментке катышуучулардын (эксперименталдык топ, ЭТ) мазмундук компоненттеги жетишкендиктерин салыштыруу иретинде (контролдук топ, КТ) улуттук оюндардын башка түрү (ордо оюну) менен адистешип окуган студенттерге карата баалан-ды. Натыйжада теориялык билимдерди өздөштүрүү компетен-циялары тогуз коргоол менен адистешип окуган студенттердин жалпы профилдик дисциплинаны ордочуларга караганда жакшы өздөштүрөөрү белгиленди. Окуу жетишкендиктеги сапаттык көрсөткүчтөрдүн (беш жана төрт деген баалардын көлөмү) пайыздык катышы 40:36 иретинде орун алды. Биздин оюбузча, мындай натыйжа тогуз коргоол оюнуна мүнөздүү интеллектуалдык билимдердин салымынын чоңдугу, ага байланыштуу, алдын ала орун алган даярдыктын шарапаты менен камсыздалды. Ал эми адистик профилдик билим берүүчү дисциплинадагы сапаттык көрсөткүчтөр бирдей деңгээлде орун алаарын (72-70 пайыздын чегинде) байкоого болот, бирок, жалпы профил-дик дисциплинадагы окуу жетишкендиктерге караганда алардын бир топ жогору экендиги (айырма 32-36 пайызга чейин) тастык-талды (3.1-таблица). Биздин оюбузча, мындай жагдай жалпы профилдик дисциплинаны окутуудагы академияда топтолгон көп жылдык тажрыйба, студенттерге карата коюлуучу талаптардын эреже катары бийик болушу менен түшүндүрүлөт.

**Таблица 3.1 – Экспериментке катышкан студенттердин жалпы жана атайын профилдик дисциплиналар боюнча окуу жетишкен-диктеринин сапаттык көрсөткүчтөрү (% менен)**

| | **Окуу группалары** | **Баалар** | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **“5” жана “4”** | **“3”** | **“2”** |
| | Жалпы профилдик дисциплина “Дене тарбия теориясы жана методикасы” | | | |
| 1 | ЭТ (тогуз коргоолчулар) | 40 | 52 | 8 |
| 2 | КТ (ордочулар) | 36 | 53 | 11 |
| | Атайын профилдик дисциплина “Тогуз коргоолдун теориясы жана методикасы” жана “Ордо оюнунун теориясы жана методикасы” | | | |
| 1 | ЭТ (тогуз коргоолчулар) | 72 | 28 | 0 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2 | КТ (ордочулар) | 70 | 30 | 0 |

Профилдик дисциплинаны окутууда колдонулган жаңы ыкмалар тогуз коргоол боюнча экспериментке катышкан студенттердин окуу жетишкендиктеринин олуттуу жогорулашын камсыз кылды. Бул өңүттө олуттуу ролду оюн ойноо учурунда тактайда орун алган жагдайларды ар тараптуу түшүндүрүү жана студенттерди тогуз коргоол оюнун жазуу ыкмаларына үйрөтүүгө басым жасоо ойноду. Мурда орун алып келген тажрыйбадан айырмаланып тактайда орун алган жагдай (позиция) диаграмма иретинде окутулуп үйрөтүлдү жана жакшы натыйжалар менен коштолду.


Тогуз коргоол оюнун жаза билүү компетенциясын калып-тандырууда төмөндөгү жагдайлар жана ыкмалар колдонулду. Тогуз коргоол тактасында ар бир үйдүн номерлениши, тийиштүү номерлер оюнду жазып алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ кылып, аны анализдөөнү жеңилдетти. Теориялык өңүттө жазуу ыкмасын кеңири колдонуу студенттердин таанып-билүү ишмердүүлү-гүндө кеңири колдонулган негизги ой-жүгүртүү түшүнүктөрүн түптөдү. Ага байланыштуу, тогуз коргоол оюнун жазуу ыкма-ларын болочок дене тарбия мугалимдерине үйрөтүү маанилүү деп эсептелди. Окутуу процессинде оюнду жазуунун 3 түрү (толук жазуу, кыска жазуу жана ылдам-кыска жазуу) өздөш-түрүлдү.

Тогуз коргоол оюнун жазуу ыкмаларына үйрөтүү оюн ойноо учурунда орун алган каталыктардын (орчундуу, негизги, башкы жана типтүү) түрлөрүн, алардын оюндун жүрүшүнө тийгизген таасирин студенттер менен биргеликте аныктоо жана алдын алуу (жоюу) тартибин ар тараптуу түшүндүрүү менен коштолду. Талдоонун сапатын камсыз кылуу максатында каталыктардын мүнөзүн баалоо тартиби иштелип чыкты жана колдонулду. Натыйжада оюн ойноодо кетирүүчү каталыктардын олуттуу кыскарышы орун алды. Эгерде, эксперименттин башталышында тогуз коргоол ойноо амалдарын кынтыксыз аткарган студенттердин курамы кездешпегенин, ал эми аягында ар бир экинчи студент кынтыксыз аткаруу менен коштолгон күтүлүүчү натыйжаны камсыз кыла баштаганын эсепке алсак, анда сунушталган ыкманын эффективдүү экендигин байкоого болот. Ал эми каталыктардын түрлөрүнө кайрылып орчундуу каталардын көлөмү – 40% дан 23% га, негизги каталардын көлөмү – 30% дан 15% га, башкы каталардын көлөмү – 25% дан 8% га жана типтүү каталардын көлөмү – 5% дан 4% га чейин төмөндөгөнүн белгилейбиз.

Педагогикалык практиканын (3.2-таблица, 3.1-сүрөт) жыйынтыктарына таянып 3-4-курстарда окуган тогуз коргоолчулар жана ордочулар 100 пайыздык жетишкендикке ээ болгонун белгилейбиз. Ошону менен бирге, сапаттык көрсөткүчтөрдөгү айырмаларга кайрылып, 3-курстун студенттеринин педагогикалык ишмердүүлүгү 4-курстагыларга карата (30-34 пайызга чейин) төмөнүрөөк экендигин тастыктайбыз. Биздин оюбузча, мындай натыйжа объективдүү мүнөзгө ээ, анткени, адистик билимдин деңгээли жана студенттер ээ болгон сабак өтүү боюнча топтолгон жеке тажрыйба 3-курстун студентеринде бүтүрүүчү курстун студенттерине караганда төмөндүгү менен айырмаланып келээри белгилүү.

**Таблица 3.2 – Студенттердин педагогикалык практикадагы жетишкендиктеринин сапаттык көрсөткүчтөрү (%менен)**

| | **Окуу группалары** | **Баалар** | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **“5” жана “4”** | **Үч** | **Эки** |
| | 3-курстагы педагогикалык практика | | | |
| 1 | ЭТ (тогуз коргоолчулар) | 40 | 60 | 0 |
| 2 | КТ (ордочулар) | 42 | 58 | 0 |
| | 4-курстагы педагогикалык практика | | | |
| 1 | ЭТ (тогуз коргоолчулар) | 70 | 30 | 0 |
| 2 | КТ (ордочулар) | 66 | 24 | 0 |



**3.1-сүрөт. Студенттердин педагогикалык практикадагы жетишкендиктеринин сапаттык көрсөткүчтөрүнүн диагрммасы (%менен)**

Жалпы физикалык даярдыкты баалоодо турникке тартынуу (күч), 100 м жүгүрүү (ылдамдык), 10х3 челнок жүгүрүү (ыкчамдык), 1000 м кросс жүгүрүү (чыдамкайлык) жана скамейкада туруп, ылдый карай эңкейип колдун манжалары менен жерге жетүү (ийилчээктик) менен байланышкан, жалпы практикада кеңири жайылган тесттер колдонулду (3.3-таблица, 3.2-сүрөт).

**Таблица 3.3. – Студенттердин жалпы физикалык даярдыгынын калыптанышынын сапаттык көрсөткүчтөрү (% менен)**

| | **Окуу группалары** | **Баалар** | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **“5” жана “4”** | **Үч** | **Эки** |
| | Күч сапаты (турникке тартынуу) | | | |
| 1 | ЭТ (тогуз коргоолчулар) | 20 | 80 | 0 |
| 2 | КТ (ордочулар) | 60 | 40 | 0 |
| | Ылдамдык сапаты (100 м жүгүрүү) | | | |
| 1 | ЭТ (тогуз коргоолчулар) | 17 | 83 | 0 |
| 2 | КТ (ордочулар) | 55 | 45 | 0 |
| | Ыкчамдык сапаты (10х3 челнок жүгүрүү) | | | |
| 1 | ЭТ (тогуз коргоолчулар) | 20 | 80 | 0 |
| 2 | КТ (ордочулар) | 27 | 73 | 0 |
| | Чыдамкайлык сапаты (1000 м жүгүрүү) | | | |
| 1 | ЭТ (тогуз коргоолчулар) | 15 | 75 | 0 |
| 2 | КТ (ордочулар) | 35 | 65 | 0 |
| | Ийилчээктик сапаты (скамейкада туруп ылдый карай эңкейүү) | | | |
| 1 | ЭТ (тогуз коргоолчулар) | 10 | 90 | 0 |
| 2 | КТ (ордочулар) | 90 | 10 | 0 |




**3.2-сүрөт. Студенттердин жалпы физикалык даярдыгынын калыптанышынын сапаттык көрсөткүчтөрүнүн диаграммасы (% менен)**

Жалпы физикалык даярдыктын анализине таянып төмөндөгүлөрдү белгилейбиз. Биринчиден, бардык студенттердин жалпы физикалык даярдыктары расмий талаптарга жооп берет. Мындай натыйжаны академияда калыптанган базалык спорттун түрлөрүн окутуп-үйрөтүүдөгү алдыңкы тажрыйба, үзгүлтүксүз өткөрүлүп келүүчү спорттук-машыктыруу сборлорунун таасири менен байланыштырабыз. Экинчиден, тогуз коргоолчулардын жалпы физикалык даярдыгынын сапаттык көрсөткүчтөрү ордо-чулардын көрсөткүчтөрүнө караганда олуттуу төмөн экендиги аныкталды. Орун алган тенденцияны тогуз коргоол оюнунда активдүү кыймыл-аракеттин олуттуу чектелиши жана физикалык дене жүктөмүнүн жетишсиздиги менен түшүндүрөбүз.

Педагогикалык ишмердүүлүктүн калыптанышына тогуз коргоол боюнча жеке спорттук чеберчиликке жана спорттук калыстык квалификацияга ээ болуу даярдыктары, квалифи-кациялык ишти жазуу жаатындагы даярдыктардын расмий талаптарга жооп бериши да өз салымдарын кошушту. Аталган багыттагы маалыматтар диссертацияда (3.3) кеңири берилди.

Педагогикалык эксперимент болочок дене тарбия муга-лимдеринин тогуз коргоол боюнча уюштуруучулук ишмердүү-лүгүн калыптандыруу менен коштолду. Натыйжада ар бир студент дене тарбия сабагын пландоо документтерин иштеп чыгуу, жаш курагы

боюнча айырмаланган класстарда сабак өтүү, сабакта орун алган физикалык жүктөмгө, окуучунун жалпы жана атайын кыймыл-аракет активдүүлүгүнө, сабактын педагогикалык талаптарга жооп беришине баа берүү компетенцияларына ээ болду. Ошону менен бирге болочок мугалимдин окутуу үчүн ыңгайлуу чөйрө, жүрүм-туруму менен айырма-ланган окуучуларга карата коммуникация түзүү жана дене тарбия менен алек болууга шыктандыруу компетенциялары калыптандырылды. Мындай тыянак методист-мугалимдин практикантка жана бүтүрүүчү (выпускающая) кафедранын студенттин жүрүм-турумуна карата берген расмий мүнөздөмөлөрүнө таянып чыгарылды.

**Технологиялык** компоненттин калыптанышына окутуу процессинде онлайн жана офлайн форматтагы компьютердик программаларды жана мульти-медиа-ресурстарды колдонуу таасир тийгизди. Окутуунун заманбап (модулдук, кредиттик, компьютердик) технологияларын, коммуникацияны жакшыр-туучу мульти-медиалык каражаттарды колдонуу студенттердин кызыгуусун өрчүттү жана аларды максаттуу колдонуу компетенциясына ээ кылды. Мындай тыянак анкеталык сурамжылоодогу оң баа берүү көлөмүнүн 70 пайызга жетиши менен бышыкталды.

Жыйынтыктоо иретинде, педагогикалык эксперименттин оң натыйжалар менен коштолушун теориялык моделде каралган компоненттердин ишке ашырылышы, педагогикалык шарттар-дын толук сакталышы жана экспериментке катышкан бүтүрүү-чүлөргө дене тарбия жана спорт багыты боюнча “Бакалавр” академиялык квалификациясынын расмий ыйгарылышы менен бышыктайбыз.

## КОРУТУНДУ

1. Кыргыз улуттук оюну тогуз коргоол аркылуу болочок дене тарбия мугалимдеринин адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык негиздери жалпы педагогикалык-психологиялык теорияларды, дене тарбиянын теория-лык негиздерин, тогуз коргоол оюнунун тарыхын, тарбия берүү мүмкүнчүлүктөрүн, окутуу методикасын, окутуу процессиндеги оң натыйжаны камсыз кылууга салым кошуучу педагогикалык-психологиялык, медициналык-биологиялык, социалдык-этикалык аспектилерин жана адистик билим берүүнүн укуктук-ченемдик актыларын өздөштүрүү зарылдыктарын аныктайт.

2. Болочок дене тарбия мугалимдердин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптантыруунун теориялык модели, педагогикалык шарттары жана окутуу мазмуну алгачкы ирет иштелип чыкты. Теориялык моделдин курамында мотивациялык, мазмундук, уюштуруучулук жана технологиялык компоненттердин мазмуну иштелип чыкты, алардын натыйжалуулугун камсыз кылуучу педагогикалык шарттар негизделди жана тогуз коргоол менен байланыштуу билим берүүдөгү күтүлүүчү натыйжаларды адистик компетент-түүлүк иретинде мүнөздөө, курамын сунуштоо жана адистик компетенттүүлүктү калыптандырууну жакшыртат, натыйжалуу-лугун жогорулатат жана илимий корутундуларды негиздөөгө жардам берет деген жаңы көз карашты түптөдү.

3. Эки этапта өткөрүлгөн педагогикалык эксперимент адистик билим берүүдө орун алган тенденцияларды жана жаңы мүмкүнчүлүктөрдү тактады. Аныктоочу этапта болочок дене тарбия мугалимдерди даярдоодо тогуз коргоол менен бай-ланышкан адистик компетенттүүлүктү калыптандыруучу окуу материалдарынын начарлыгы, орун алган кырдаалдын негизги себептери такталды, тогуз коргоол дисциплинасын окутуу мазмунун жана дидактикалык материалдарын жакшыртуу зарылдыгы белгиленди. Калыптандыруучу этапта изилдөөдө негизделген теориялык модель жана педагогикалык шарттар сунушталды жана алардын натыйжалуулугу мотивациялык компоненттин алкагында орун алган оң натыйжалар, адистик компетенцияларды анкеталык сурамжылоонун, мазмундук компонентти теориялык билимдерге, педагогикалык ишмердүүлүктүн калыптанышын тастыктаган илимий-педагогикалык маалыматтардын, эксперименталдык жана контролдук топторго тартылган студенттердин окуудагы жана спорттогу жетишкендиктеринин көрсөткүчтөрүн анализдөөнүн негизинде аныкталды. Болочок дене тарбия мугалимдеринин уюштуруу-чулук жана методикалык компетенттүүлүгү педагогикалык практикалардын расмий жыйынтыктары менен мүнөздөлдү. Студенттердин заманбап окутуу технологиялары менен таанышуу, аларды реалдуу сабак учурунда колдонуу тажрыйбасына ээ кылды.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Болочок дене тарбия мугалимдеринин адистик компе-тенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык негиздери дене тарбия багыты боюнча адистерди даярдоочу жогорку окуу жайлардагы негизги окуу программаларын иштеп чыгууда, кесиптик профилдик дисциплина боюнча лекциялык сабактарды өтүүдө жана дене тарбия

мугалимдеринин адистик чеберчиликтерин жогорулатуу курстарында колдонууга сунушталат.

2. Болочок дене тарбия мугалимдердин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптантыруунун теориялык модели, педагогикалык шарттары, окутуу мазмуну, заманбап технологиялары, баалоо каражаттары, критерийлери жана деңгээлдик көрсөткүчтөрү "Дене тарбия багыты" боюнча адистерди даярдоого кызыктар болгон жогорку окуу жайларга окуу процессин уюштуруу максатында сунушталат.

3. Калыптандыруучу этаптын тогуз коргоол боюнча адистик компетенцияларды калыптандыруу натыйжалары башка улуттук спорттун түрлөрүнө адистешип окутуу жана салыш-тырма изилдөөлөрдү жүргүзүү максаттарында колдонуу сунушталат.

4. Тогуз коргоол оюнун кыргыз элинин улуттук маданий мурасы катары жайылтуу, анын жаш муунду тарбиялоодогу жана адистик билим берүүдөгү педагогикалык мүмкүн-чүлүктөрүн ишке толук кандуу ашыруу максатында дене тарбия жана спорт, билим берүү жана илим тармактарын мамлекеттик жана коомдук башкаруу уюмдарына сунушталат.

**ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА жарыяланган эмгектердин тизмеси:**

1. Манашева, К. П. Кыргыз цивилизациясындагы кыз-келиндер оюну [Текст] / К. П. Манашева, М. Т. Абдуллаев, Г. Т. Малаева // Дене тарбия жана спорт Жарчысы. – 2018. – №3 (22). – 3-8 бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=35591941

2. Манашева, К. П. Денежные нормы питания воспитанников республиканского спортивного колледжа им. Ш. Сыдыкова [Текст] / К. П. Манашева, К. М. Арпачиев, Г. Т. Малаева // Физическое воспитание и спорт-взгляд в будущее: Интеграция науки и цифровых технологий в образование и практику: материалы международной научной конференции. – 2022. – С. 19-24. https://www.elibrary.ru/download/ elibrary_49798924_20107095.pdf

3. Манашева, К.П. Тогуз коргоол оюнунун компетенттүүлүккө негиздеп окутуу [Текст] / К. П. Манашева // Актуальные научные исследования в современном мире: материалы межд. научной конф. – 2022. – №2 (82). – Ч.5. – С. 172-178. file:///C:/Users/Admin/Downloads/%D0%90%D0%BA%D1%82%D1%83%D0%B0%D0%BB%D1%8C%D0%BD%D1%96_LXX%D0%A5%D0%86%D0%86_Part_5%20(web)%20(2).pdf

4. Манашева, К. П. Тогуз коргоол оюну аркылуу студенттердин логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү [Текст] / К. П. Манашева, У. К. Тажибаева / Түрк элдеринин салттуу спорт оюндары XII эл аралык симпозиуму. – 2023. – 300-303-бб. https://drive.google.com/file/d/1YPQGSpQ41JWOwJvMLrWxgrMySLPBaP8k/view?usp=drive_link

5. Манашева, К. П. Тогуз коргоол улуттук оюнунун жаш муундарга тийгизген педагогикалык таасири [Текст] / К. П. Манашева, Г. Ж. Карагозуева, У. К. Тажибаева, К. Т. Чыныбеков // Известия Вузов Кыргызстана. – 2023. – №5. – 273-276 бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=65021773

6. Манашева, К. П. Кыргызстанда “Тогуз коргоол” оюнунун өнүгүүсү жана калыптанышы. [Текст] / К. П. Манашева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2023. – №8. – 330-333 бб. https://elibrary.ru/ item.asp?id=65663788

7. Манашева, К. П. Методика реализации педагоги-ческих условий этнопедагогического воспитания в системе школьного образования / [Текст] Н. О. Доронбаева, Р. Н. Токсонбаев, У. К. Тажибаева // Живая Психология. – 2023. – Т. 10. – №8.(48). – С. 63-70. https://elibrary.ru/item.asp?id=65587125

8. Манашева, К. П. “Тогуз коргоол” Кыргыз улуттук оюнунун өсүп келе жаткан муундун калыптанышындагы мааниси жана өзгөчөлүктөрү [Текст] / Н. О. Доронбаева, Р. Н. Токсонбаев, Г. Ж. Карагозуева, К. Т. Чыныбеков // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2024. – №1. – 255-257-бб. https://drive.google.com/file/d/1m9AKqzb6JLBWKWeiMgZhQ2cVAJaya43L/view?usp=sharing

9. Манашева, К. П. Башталгыч класстын окуучуларынын дене тарбия сабактарында кыргыздын элдик кыймылдуу оюндарына кызыгууларын калыптандыруу [Текст] / Н. О. Доронбаева, Р. Н. Токсонбаев, У. К. Тажибаева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2024. – №1. – 237-240-бб. https://drive.google.com/file/d/1gRg5PJoYu4w_A9rvhU1Q1qGwDPBRMdt/view?usp=sharing

10. Манашева, К. П. Педагогические основы кыргызских национальных подвижных игр и игры “Тогуз коргоол” в развитии общепредметных компетенций обучаюшихся [Текст] / К. П. Манашева, Н.О. Доронбаева // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. – 2024. – №3-3 (90). – С. 157-161. https://elibrary.ru/item.asp?id=65610511

11. Манашева, К. П. Формирование учебно-познавательной деятельности учеников начальных классов при обучении национальной игре “Тогуз коргоол” [Текст] / К. П Манашева, Н.О. Доронбаева // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. – 2024. – №3-3 (90). – С. 162-165. https://elibrary.ru/item.asp?id=65610512

12. Манашева, К. П. Тогуз коргоол аркылуу дене тарбия мугалимдеринин адистик компетентүүлүгүн калыптандырууда педагогикалык эксперименттеринин жыйынтыктары [Текст] / К. П. Манашева, Р. Н. Токсонбаев, У. К. Тажибаева, Г. Т. Малаева, Ж. Ж. Исакова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, 2024. – №3. – 339-342-бб.

**Манашева Кенжегүл Пазыловнанын «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери», – деген темада 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, ден соолукту чыңдоонун жана адаптивдик дене маланиятынын теориясы жана методикасы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Түйүндүү сөздөр:** тогуз коргоол, улуттук оюндар, дене тарбия мугалими, компетенттүүлүк, адистик компетенттүүлүк, илимий-теориялык негиздери, теориялык модель, педагогикалык шарттар, күтүлүүчү натыйжалар.

**Изилдөөнүн объектиси:** болочок дене тарбия мугалимдерин даярдоодо процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** болочок дене тарбия мугалим-деринин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий теориялык негиздери жана жолдору.

**Изилдөөнүн максаты:** болочок дене тарбия мугалимдерин улуттук тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетент-түүлүгүн калыптандырунун илимий-теориялык негиздерин, педагогикалык шарттарын, технологиялык мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо.

**Изилдөөнүн методдору:** илимий булактарды жана укук-тук-ченемдик документтерди анализдөө, педагогикалык байкоо жана аңгемелешүү, анкеталык сурамжылоо, кесиптик компетенттүүлүктү мүнөздөөчү сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдү баалоо, педагогикалык эксперимент жана алынган маалыматтарды жалпылоо.

**Изилдөөдө алынган жыйынтыктар жана алардын жаңылыгы:** болочок дене тарбия мугалимдеринин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык негиздери аныкталды; аталган адистик бюонча компетенттүүлүктү калыптандырууну теориялык модели жана педагогикалык шарттары ишелип чыкты; алар педагогикалык эксперименттен өткөрүлүп тиешелүү педагогикалык сунуштар берилди.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** изилдөөнүнү натыйжалары болочок дене тарбия адистерин даярдоочу жогорку окуу жайларда дене тарбия боюнча бакалаврларды даярдоодо билим берүү программаларынын мазмунун компетенттүүлүк негизде байыутууда, тогуз коргоол оюуну боюнча окутуу технологияларын өркүндөтүүдө, дене тарбия боюнча мугалимдердин кесиптик квалификациясын жогорулатууда илимий-методикалык курал катары колдонууга сунушталат.

**Колдонуу чөйрөсү:** дене тарбия адистерин даярдоо тармагы.

## РЕЗЮМЕ

**диссертационной работы Манашевой Кенжегуль Пазыловны на тему: «Педагогические основы формирования профессиональной компетентности по тогуз коргоолу при подготовке учителей физической культуры» по специальности 13.00.01 – общая педагогика, история педагогики и образования; 13.00.04 – теория и методика физического воспитания, спортивной тренировки, оздоровительной и адаптивной физической культуры на соискание ученой степени кандидата педагогических наук**

**Ключевые слова**: тогуз коргоол, национальные игры, учитель физкультуры, компетентность, профессиональная компетентнтость, научно-теоретические основы, теоретическая модель, педагогические условия, ожидаемые результаты.

**Объект исследования:** процесс подготовки будущих учителей физической культуры

**Предмет исследования:** научно-теоретические основы и пути формирования профессиональной компетентности у будущих учителей физической культуры по тогуз коргоолу.

**Цель исследования**: выявление научно-теоретических основ, педагогических условий, технологических возможностей формирования профессиональной компетентности будущих учителей физической культуры по «Тогуз коргоол».

**Методы исследования**: анализ научных источников и нормативно-правовых документов, наблюдения и беседы, анкетирования, оценка количественных и качественных показателей, характеризующих

профессиональную компетент-ность, педагогический эксперимент и обобщение полученных данных.

**Полученные результаты и их новизна:** определены научно-теоретические основы формирования профессиональной компетентности будущих учителей физической культуры по национальной игре в тогуз коргоол; разработана теоеретическая модель и педагогические условия формирования компетент-ности по данной специльности; теоретическая модель и педагогические условия апобированы в педагогическом эксперименте и предложены практические рекомендации.

**Рекомендации по применению**: результаты исследования могут быть использованы для обогащения содержания образовательных программ подготовки баклавров по физическому воспитанию на комптетностной основе в высших учебных заведениях в вузах, в совершенствовании технологий обучения в национальной игре тогуз коргоол, предлагается исползовать в качестве научо-методического средства в повышении профессиональной квалификации учителей физической культуры.

**Область применения**: сфера подготовки специалистов по физической культуре.


## RESUME

**of the dissertation research by Kenzhegul Pazylovna Manasheva on the topic: "Pedagogical foundations for the formation of professional competence in toguz korgool in the training of physical education teachers" for the degree in the specialty 13.00.01 - general pedagogy, history of pedagogy and education; 13.00.04 - theory and methods of physical education, sports training, health and adaptive physical education for the degree of candidate of pedagogical sciences**

**Key words**: toguz korgool, national games, physical education teacher, competence,professional competence , scientific and theoretical foundations, theoretical model, pedagogical conditions, expected results.

**Object of the study:** the process of training future physical education teachers.

**Subject of the study:** scientific and theoretical foundations and ways of developing professional competence in future physical education teachers in toguz korgoolu.

**The purpose of the study:** to determine the scientific and theoretical foundations, pedagogical conditions, and technological possibilities for the formation of professional competence of future physical education teachers in the national game of toguz korgool.

**Research methods:** methods of analysis of scientific sources and

regulatory documents, observations and interviews, questionnaires, assessment of quantitative and qualitative indicators characterizing professional competence, pedagogical experiment and generalization of the obtained data.

**The obtained results and their novelty:** the scientific and theoretical foundations for the formation of professional competence of future physical education teachers in the national game of toguz korgool were determined; a theoretical model and pedagogical conditions for the formation of competence in this specialty were developed; the theoretical model and pedagogical conditions were tested in a pedagogical experiment and practical recommendations were proposed.

**Recommendations for use:** the results of the study can be used in enriching the content of educational programs for training bachelors in physical education on a competency basis in higher education institutions in universities, in improving teaching technologies on the national game toguz korgool, it is proposed to use it as a scientific and methodological tool in improving the professional qualifications of physical education teachers.

**Scope of application:** the field of training specialists on physical education.

